**Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу**

Муну менен МЕН, (АТЫ-ЖӨНҮ)_________________________________________, ИСН/ИЖН ____________________________, өздүгүн күбөлөндүрүүчү документи: ____________________________ (документтин түрү) сериясы ______________ № __________________, ______________________ (берилген күнү жана берген органдын аталышы) берилген, жашаган дареги: __________________________, байланыш телефону: ______________________, электрондук почтасы: _________________________________, эркин, айкын, шартсыз, аң-сезимдүү түрдө жана өз эрким менен «Акча Булак» МКК» ЖЧКсына (Бишкек ш., Абдрахманов көч., 170) (мындан ары текст боюнча – жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси)) жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын аткаруунун алкагында төмөндөгү аракеттерди аткаруусуна макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу, блоктоо, өчүрүү);
- Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө;
- менин жеке маалыматтарымды/мен жөнүндө маалыматты кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө мыйзамдарга ылайык кийин иштетүү (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топторго бөлүү) үчүн кредиттик бюродон (бюролордон) алууга/берүүгө/өткөрүп берүүгө;
- мамлекеттик маалыматтык системалар жана/же башка жеткиликтүү маалымат булактары аркылуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык органдарды кошуп алганда, жеке маалыматтарымды текшерүүгө,

«Акча Булак» МКК» ЖЧКсы тарабынан банктар жана банк иштери жөнүндө, микрофинансылык уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын, террористтик иштти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү бөлүгүндөгү мыйзамдар менен белгиленген талаптарды аткаруу максатында жана төмөндөгү максаттарда:

- финансылык кызматтарды жана/же сервистерди алуу үчүн идентификациялоо жана/же верификациялоо;
- интеграцияланган тиркемелерди (инструменттерди) кошо алганда, «Мой О!+Банк» тиркемесинде жеткиликтүү болгон кызматтарды жана сервистерди алуу;
- жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) тарабынан кызматтарды жана кошумча кызматтарды көрсөтүү, жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) тарабынан натыйжалуу кардардык жана техникалык колдоо көрсөтүү;
- анын өнөктөштөрүнүн кызматтарын көрсөтүү;
- жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин) жана/же үчүнчү жактардын табыштамалардын, келишимдердин жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын алкагында укуктарын жана милдеттерин талаптагыдай ишке ашыруу;
- маркетингдик, жарнамалык иш-чараларды/акцияларды жүргүзүү, жеке артыкчылыктарды жана алар менен гана чектелбестен, талдоо, жүрүм-турум мониторингдерин жүргүзүү, ээссиздендирилген жеке маалыматтардын негизинде отчетторду, статистикалык талдоолорду калыптоо жана башка түрдүү изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси), өнөктөштөрү тарабынан кайтарым байланышты ишке ашыруу, анын ичинде жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин) товарларды, жумуштарды, кызматтарды илгерилетүү максатында, анын ичинде, бирок аны менен гана чектелбестен, жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин), өнөктөшүнүн жеке ыктыяры боюнча гана sms-сервистерди, электрондук почтаны, электр байланышын колдонуп, билдирүүлөрдү, сурамдарды жөнөтүү;
- менин кредитти төлөөгө жөндөмдүүлүгүмдү, финансылык абалымды, төлөгө жөндөмдүүлүгүмдү, төлөм тартибин сактоомду жана ишкер мамилелерди куруу мүмкүнчүлүгүмдү аныктоо үчүн башка сапаттарымды аныктоо;
- Кыргыз Республикасынын кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө мыйзамдарына ылайык кийин иштетүү (жеке маалыматттарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топторго бөлүү) үчүн менин жеке маалыматтарымды/мен туурасында маалыматты кредиттик бюролорго/бюролордон банктарга, башка үчүнчү жактарга кредит алууга колдонуучунун өтүнмөсүн карап чыгуу үчүн керектүү болгон мен туурасында маалыматты өткөрүп берүү/берүү/алуу; кредиттик

келишим түзүү же мага кредит берүүдөн баш тартуу, кредиттик келишимдин шарттарын өзгөртүү (зарыл болгон учурда), ошондой эле каалаган келишимдерди түзүү жана аларды аткаруу, анын ичинде мага же мен кепилдик берген жакка каалаган кредиттик өнүмдү берүү, менин мүлктү жана/же мүлктүк укуктарымды күрөөгө коюу; мени менен өз ара эсептешүү; кредиттик келишим боюнча менин милдеттенмелеримди көзөмөлдөө жана аларды камсыздоо, анан ичинде күрөөгө коюлган мүлктү, акча каражаттарын соттук жана/же соттук эмес тартипте өндүрүп алуу, кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугун өткөрүп берүү максатында жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга өткөрүп берүү;
- эгер «МКК «Акча Булак» ЖЧКсы чекене банк агенти катары чыкса жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык «МКК «Акча Булак» ЖЧКсы менен Кыргыз Республикасынын коммерциялык банкы ортосунда агенттик келишим болсо, көрсөтүлгөн келишимди же башка каалаган тиешелүү коммерциялык банк менен түзүлгөн келишимди колдонуу мөөнөтүндө менин кредитти төлөөгө жөндөмдүүлүгүмдү, финансылык абалымды, төлөөгө жөндөмдүүлүгүмдү, төлөм тартибин сактоомду тастыктаган мен тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык чекене агенти катары «Акча Булак» МКК» ЖЧКсы чыккан коммерциялык банктан кредит алууга өтүнмөмдү караштыруу максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына жеке маалыматтарды берүү жана/же алардан мындай маалыматты алуу максатында,
төмөндөгү жеке маалыматтарды (алардын өзгөргөндүгү тууралуу маалыматты кошо алганда):
- фамилиясы, аты, атасынын аты (мурунку фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн күнү, жери жана себеби (өзгөргөн учурда));
- туулган күнү;
- жарандыгы жөнүндө маалыматтар;
- идентификациялык жеке номери (ИЖН) жана/же идентификациялык салык номери (ИСН);
- ЖИ/патентти каттоо тууралуу күбөлүктүн реквизиттери;
- катталган дареги;
- иш жүзүндө жашаган дареги;
- телефон номери (абоненттик номер);
- электрондук почта дареги;
- эсептешүү эсеби;
- IP-дареги;
- кол тамгасы;
- электрондук капчыктын жана/же банк эсебинин номери;
- өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин реквизиттери (өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин түрү, сериясы, документтин номери, аны берген органдын аталышы жана коду, берилген күнү, документти колдонуу мөөнөтү аяктаган күн);
- өздүгүмдү күбөлөндүрүүчү документтин сүрөтү;
- туулган жери (өздүгүн күбөлөндүрүүчү документте көрсөтүлгөн болсо);
- улуту (өздүгүн күбөлөндүрүүчү документте көрсөтүлгөн болсо);
- үй-бүлөлүк абалы (айтканы боюнча же өздүгүн күбөлөндүрүүчү документте көрсөтүлгөн болсо);
- жынысы;
- чет өлкө жаранынын же жарандыгы жок адамдын Кыргыз Республикасында турууга (жашоого) укугун тастыктоочу документтин реквизиттери (документтин аталышы, сериясы (болгон учурда) жана номери, туруу (жашоо) укугунун колдонуу мөөнөтүнүн башталышы жана аягы);
- документтерди карап чыгуу жана тариздөө мезгилинде, кредитти берүү жана төлөө процессинде жеке маалыматтар массивинин кармоочусуна (ээсине) белгилүү болуп калган кредиттер боюнча маалыматтар (кредиттин түрү, кредиттин суммасы, субъекттин ролу, арыз берилген күн, төлөмдөрдүн тарыхы тууралуу маалыматтар, төлөнбөй калган калдык, дефолттун суммасы жана аталган эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдик берүүчүлөр/гаранттар, күрөө коюучулар жана банктардын алдында милдеттенмелери пайда болгон же бар болгон башка жактар жөнүндө маалыматтар, менин кредит боюнча милдеттенмелеримди аткарбагандыгыма же талаптагыдай аткарбагандыгыма байланыштуу мага карата көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтар);
- кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүү тартиби тууралуу жободо белгиленген чекте коомдук кызмат адамы тууралуу маалымат;
- кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүү тартиби тууралуу жободо белгиленген чекте бенефициардык ээси тууралуу маалымат;

- ЖИ катары каттоосу туурасында маалымат (патенттин/күбөлүктүн/лицензиянын) катталган күнү, каттоо номери, каттоого алган органдын аталышы, патенттин/күбөлүктүн/лицензиянын жарактуулук мөөнөтү);
- эмгек ишмердүүлүгү туурасында маалымат (аскер кызматын, айкалыштырып иштеген ишин, ишкердүүлүгүн ж.у.с. кошкондо);
- кирешеси, чыгашасы, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери туурасында маалымат;
- илимий даражасы, чет тилдерин билүүсү, билүү деңгээли жөнүндө маалымат;
- спорттук наамы, разряды;
- милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери;
- аскердик милдети, аскердик каттоо боюнча маалымат (запаста турган жарандар үчүн жана аскер кызматына чакырыла турган жарандар үчүн);
- мамлекеттик сыйлыктар, башка сыйлыктар жана айырмалуу белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган);
- соттолгондугу бар же жок экендиги туурасында маалымат;
- жеке сүрөтүм жана/же жеке видеосүрөтүм жана/же өздүгүмдү күбөлөндүрүүчү документ менен жеке сүрөтүм жана/же жеке видеосүрөтүм;
- көрсөтүлгөн келишимге кол коюу убагында жана аны колдонуу мөөнөтүндө мага белгилүү болгон жана көрсөтүлгөн келишимдин жарактуулук мөөнөтүндө мен туурасында жеткиликтүү болгон скоринг маалыматты берүү максатында мен туурасында жеке маалыматты, алар менен уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлгөн «Скай Мобайл» ЖЧКсына (Бишкек ш., Ибраимов көч. 115) жана/же «НУР Телеком» ЖЧКсына (Бишкек ш., Абдрахманов көч., 170/2 2-блок) жана/же «Альфа Телеком» ЖАКка (Бишкек ш., Суюмбаев көч., 123) берүүгө жана/же алардан алууга жана менин кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүм, финансылык абалым, төлөм тартибин сакташым туурасында түз же кыйыр түрдө тастыктама берген скоринг маалыматымды «Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын кредит алуу туурасында өтүнмөмдү карап чыгуу максаты үчүн «Акча Булак» МКК» ЖЧКсына өткөрүп берүүгө.

Ушул макулдук бир жолу берилип, жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) менин жеке маалыматтарымды каалаган убакытта алган учурунан тартып күчүнө кирет, жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин) менин жеке маалыматтарыма болгон сурамынын санына карабастан, жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин) кызмат көрсөтүүсүнүн бүткүл мөөнөтүндө жана/же жогоруда маалыматты камтыган жеке маалыматтардын же документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган сактоо мөөнөтүнүн аягына чейин күчүндө болот.

Мен төмөндөгүлөр менен таанышып чыктым, аларды баамдап түшүнөм, тастыктайм жана аларга макулмун:
- ушул макулдук мен өз колум менен кол койгон (жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен койгон кол тамга сыяктуу эле юридикалык кесепеттерди жаратат) кагаз түрүндөгү документке барабар болгон электрондук документ болуп эсептелет жана менин жеке маалыматтарымды жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) өткөрүп берүүсүнө жана колдонуусуна эркин, айкын, шартсыз жана аң-сезимдүү түрдө эркимди билдирем;
- ушул макулдуктун алкагында берилген менин жеке маалыматтарым жеке маалыматтар массивинин кармоочусуна (ээсине) керектүү көлөмдө жеке маалыматтар массивинин кармоочусунун (ээсинин) маалымат базасына киргизилиши мүмкүн;
- мен жеке маалыматтар массивинин кармоочуларынан (ээлеринен) жеке маалыматтар массивинин кармоочулары (ээлери) өздөрү аныктаган аталыштагы (-тардагы) жөнөкөй электрондук кол тамга катары таанылган SMS-билдирүүнү жана/же push-билдирүүнү алууга макулмун;
- SMS-билдирүү жана/же push-билдирүү аркылуу алган кодду киргизгеним менин ушул макулдуктук шарттарын тастыктаганым болот, мен бул код жана аны өзүмдүн жөнөкөй электрондук кол тамгам менен киргизгеним, өз колум менен койгон кол тамгага барабар экенин жана мен деп таанылa турганымды тастыктаган ыкма болоорун тааныйм;
- жеке маалыматтардын кармоочусуна (ээсине) эркин формада арыз жазуунун негизинде жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту чакырып алсам болот. Макулдукту чакырып алууда Кыргыз

Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарым толук же жарым-жартылай түрдө иштетиле бериши мүмкүн;
- менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка өткөрүп берүү тууресында билдирүүнүн формасы жеке маалыматтар массивин кармоочусу (ээси) тарабынан өз алдынча жана жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) ыктыярында аныкталат;
- бул макулдук «Акча Булак» МКК» ЖЧКсына кредит берүү боюнча милдеттенмелерди алып келбейт.
Мен жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзам жоболору менен, анын ичинде жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун алуу тартиби менен таанышып чыкканымды тастыктайм. Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктарым жана милдеттерим мага түшүнүктүү.
Менин толук эмес маалымат бергеним юридикалык укук мамилелерине кирүүдөн жана аларды түзүүдөн баш тартуу кесепетине алып келе турганын, ошондой эле алдын ала жалган маалыматты жана/же документтерди бергеним үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартыла турганымды тастыктайм.
Муну менен МЕН жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка бериши керек болгон учурда, жогоруда көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу үчүн мен тууресында маалыматты үчүнчү жактарга жана башка ыйгарым укуктуу жактарга керектүү көлөмдө ачыкка чыгарууга, ошондой эле көрсөтүлгөн жактардын купуялуулукту тиешелүү түрдө сактоо шартында ал жактарга мындай маалыматты камтыган тиешелүү документтерди берүүгө укуктуу экенин тааныйм жана тастыктайм.